**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## XXVIII чакырылышынын кезектеги №16-сессиясынын

**2023-жылдын 09-июну** **№ 83** **Даркан айылы**

### Жер аянтынын багытын өзгөртүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы " Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" №169 токтому менен бекитилген жобону жана Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13-беренесинин 3-пунктуна ылайык Даркан айыл аймагында жайгашкан жалпы аянты 1,30 га эски мүрзөнүн ордун, тиешелүү мекемелердин кортундуларынын негизиде айыл тургундарын , жаштарын турак жай менен камсыз кылуу максатында жеке турак жай жана ошондой эле көп кабаттуу үйлөрдү курууга жалпы айыл тургундарынын сунуштарын эске алып "Калктуу конуштардын жерлерине" категориясына которуу максатында айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1.Даркан айыл аймагында жайгашкан жалпы аянты 1,30 га эски мүрзөнүн ордун тиешелүү мекемелердин кортундуларынын негизиде айыл тургундарын , жаштарын турак жай менен камсыз кылуу максатында жеке турак жай жана ошондой эле көп кабаттуу үйлөрдү курууга макулдук берилсин.

2. Даркан айылынын ортосунда 1,30 га жер аянтында жайгашкан( акыркы адам 1940-жылдары коюлгандыктан) жалпы айыл тургундарынын чогулушунун протоколунун негизинде эски мүрзөнүн ордун айылды кеңейтүү үчүн багытын өзгөртүүгө сунушталсын.

3. Суралып жаткан жер аянтын айылдын генералдык планына дал келтирүү жана тиешелүү иш кагаздарын даярдап берүү жагы Жети-Өгүз райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан суралсын.

4. Жер аянтынын багытын өзгөртүү боюнча иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн жер, турак жай жана өзгөчө кырдаалдар боюнча башкы адиси С.Токоевге тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырамын.

**Төрагасы** **Б.Муканбетов**